КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА КЫЗЫЛ-СУУ

Жергиликтүү кеңешинин

ТОКТОМУ

“27” 10 2026-ж № 211 **Кызыл-Суу айылы**

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматынын Ысык-Көл облусу боюнча башкармалыгынын кайрылуусу жөнүндө.

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматынын Ысык-Көл облусу боюнча башкармалыгынын 2026-жылдын 4-августундагы №302-27/2336 кайрылуу катын негизинде айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Баякуновдун сунушун карап чыгып, талкуулап жергиликтүү кеңешинин сессиясы **токтом кылат.**

1.Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматынын Ысык-Көл облусу боюнча башкармалыгына чек ара кызматына 10 га (стрельбищеге) жер тилкесин бөлүп берүүгө макулдук берилсин.

2.Кызыл-Суу айыл өкмөтүнө жер тилкесин бекитип берүү боюнча тиешелүү мыйзам талаптарына ылайык тийиштүү иш-чараларды жүргүзүү жагы айыл өкмөтүнүн жер адиси Б.Миңбаевге тапшырылсын.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жергиликтүү кеңештин жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Э.Сулаимбековго жана айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Баякуновго тапшырылсын.

Төрайым **Г.Чыныбаева**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ
КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

722400, Кызыл-Суу айылы, Манас көч. 194
э/э1290162381210056 БИК 129016
ФОАО РСК Кызыл-Суу айылы
ИНН 02903202410422
тел: 03946 51-8-07 факс: 03946 52-1-41,

e-mail:kyzylsuuaiylokmotu@mail.ru

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛ ОКМОТУ КЫЗЫЛ-СУЙСКОГО
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА

722400, село Кызыл-Суу, ул. Манаса 194
р/сч 1290162381210056 БИК 129016
ФОАО РСК с. Кызыл-Суу.
ИНН 02903202410422
тел: 03946 51-8-07 факс: 03946 52-1-41,
e-mail:kyzylsuuaiylokmotu@mail.ru

"20"-10 2026 № 03-5/346

Кызыл-Суу айылдык кенешинин
кезектеги сессиясына карооо
коюлган сунуш

Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматынын Ысык-Көл облусу боюнча башкармалыгынын 04.08.2026 ж302-27/2336 катынын кайрылуусунун негизинде чек ара кызматына-10 га (стрельбищага)жер тилкесин бөлүп берүүгө айылдык кенештин сунушка макулдугу.(тиркелет каты)

Башчы **Т.К.Баякунов**

Даярдады: Б.Минбаев

КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ
Кириш.№ 01-10/13
«10» 10 2026 ж

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНДУК
МАМЛЕКЕТТИК
АДМИНИСТРАЦИЯСЫ

722400, Кызыл-Суу айылы,
Манас көчөсү, 95
тел. (0-3946) 51-2-67,
факс (0-3946) 51-4-31
E-mail: j-o.rga92@mail.ru
э/э 4404021101004596
-Жети-Өгүз РАБК
Бик 440001
-ИНН 00104199210339

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКАЯ РАЙОННАЯ
ГОСУДАРСТВЕННАЯ
АДМИНИСТРАЦИЯ

722400, село Кызыл-Суу,
улица Манаса, 95
тел. (0-3946) 51-2-67,
факс (0-3946) 51-4-31
E-mail: j-o.rga92@mail.ru
р/с 4404021101004596
Джети-Огузский РОЦК
Бик 440001
ИНН 00104199210339

Көзөмөл!

Кызыл-Суу, Оргочор , Барскоон айыл аймагынын айыл өкмөттөрүнө

Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясы, Сиздерге Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматынын Ысык-Көл облусу боюнча чек ара башкармалыгына Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматынын Ысык-Көл облусу боюнча башкармалыгынын кайрылуусуна ылайык, мамлекеттик чек араны кайтарууну камсыз кылган Карасай, Үзөңгү-Куш, Эңилчек, Каркыра, Ак-Шыйрак, Пикертык жана Бедел чек ара заставаларынын ок атуу талаалары (войсковое стрельбище) катары пайдаланылып келе жаткан жер тилкелерине мамлекеттик укук күбөлөндүрүүчү документтерди тариздөө зарылдыгы белгиленген. Ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 20-январындагы № 34 токтомун жана Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 16-майындагы № 98 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы жөнүндө» Мыйзамынын 40-беренесинин талаптарын эске алуу менен, өз аймагыңыздагы тиешелүү мамлекеттик органдар менен биргеликте жогоруда көрсөтүлгөн чек ара заставаларынын тажрыйбалык ок атуу талаалары үчүн пайдаланылып жаткан жер тилкелерин мыйзам талаптарына ылайык бөлүп берүү жана аларга мамлекеттик укук күбөлөндүрүүчү документтерди тариздөө боюнча тиешелүү иштерди уюштурууну тапшырамын.

Аткарылган иш-чаралар боюнча маалыматтарды белгиленген тартипте Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясына ар ай сайын 1-числосунан кечиктирбестен берип турууну талап кылам.

Башчы-акимдин
биринчи орун басары **К.Аджиев**

С.Бакчиев
0700700995

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

№ 02-27/2336, 04.08.2026

Кол койгон: Аджиев К.З., 04.08.2026



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ЧЕК АРА КЫЗМАТЫ
АСКЕР БӨЛҮҮ 2028
Каракол ш., Оробекова көчөсү 2
Тел. БШ (03922) 5-61-99;
Тел. факс (03922) 5-61-98

722360

ГОСУДАРСТВЕННОГО ПОГРАНИЧНАЯ СЛУЖБА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
ВОЙСКОВАЯ ЧАСТЬ 2028
г. Каракол, улица Оробекова 2
Тел. ОД (03922) 5-61-99;
Тел факс (03922) 5-61-98

№ 548 «10» 03 2026-ж.

Жети-Өгүз райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы - аким
Э. И. Бахавадиновко

Урматтуу Эрмек Ибрагимович!

Сизге кайрылуубуздун себеби, КР МЧК Ысык-Көл облусу боюнча чек ара Башкармалыгынын жооптуу аймагында түздөн-түз Мамлекеттик чек араны кайтарган Карасай, Үзөңгү-Куш, Ак-Шыйрак, Пикертык жана Бедел, чек ара заставаларына ок атуу талааларына (войсковое стрельбище) жердин атайын участогуна болгон мамлекеттик укугу жөнүндө МАМЛЕКЕТТИК АКТЫСЫн алуута зарылчылык келип чыгууда.

Аталган чек ара заставалары ачылгандан (1960-1970-жылдардан) бери бүтүнкү күнгө чейин тиркемеде көрсөтүлгөн аймактарды тийиштүү документтери жок ок атуу талаасы катары колдонуп келе жатат. Бөлүнгөн жерлер өздүк курамдын күжүрмөн даярдыгын жогорулатууга багытталып, тажрыйбалык ок атууларга гана жумшалаарын билдирем.

Жогорудагынын негизинде, Сизден Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 20-январындагы №34 токтомун ишке ашыруу, Кыргыз Республикасынын 2015-жылдын 16-майындагы №98 "Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек арасы жөнүндө" Мыйзамынын 40-беренесин эске алуу менен бул маселени чечүүгө тийиштүү айыл аймактардын башчыларына, жогоруда аталган чек ара, заставаларына тажрыйбалык ок атууга жерлерин бөлүп берүүгө көрсөтмө берүүнүздү суранабыз.

Мамлекеттик чек араны коопсуздугун чыңдоодо көшүп жаткан салымыңыз жана колдооңуз үчүн алдын ала терең ыраазычылык билдиребиз.

Урматтоо менен,

КР МЧК Ысык-Көл облусу боюнча чек ара башкармалыгынын башчысы полковник А.Э. Кыдырбаев

Аткаруучу Исаков Б
Тел. 0550 107 273